DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



## ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
## ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## PHILOLOGICAL SCIENCES

*Жамгырчиева Г.Т.*

# СТУДЕНТТЕРГЕ ОНЛАЙН-ОКУТУУ МЕТОДУ МЕНЕН АНГЛИС ТИЛИН ҮЙРӨТҮҮДӨГҮ КЭЭ БИР МАСЕЛЕЛЕР

*Жамгырчиева Г.Т.*

# НЕКОТОРЫЕ ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ АНГЛИЙСКОМУ ЯЗЫКУ МЕТОДОМ ОНЛАЙН-ОБУЧЕНИЯ СТУДЕНТОВ

*G.T. Zhamgyrchieva*

# SOME PROBLEMS IN ONLINE ENGLISH TEACHING

*УДК: 811.11*

*Макалада заманбап жашоодогу англис тилинин орду айтылат. Эл аралык байланыш каражаты болгон англис тилин билбегендер XXI кылымда чоң жетишкендиктерди багындыра албайт. Ааламдашуунун доорунда интернет технологияларынын кеңири жайылышынан улам чет тилдерин, анын ичинен англис тилин окутууда салттуу методиканы кайрадан карап чыгып жаңыча интернет ресурстары менен үйрөтүү мүмкүнчүлүгү пайда болууда. Бул макалада чет тилдерине үйрөтүүдө жаңы методдорго өтүп, үйрөнүү мотивациясын жогорулатуу мүмкүнчүлүктөрү каралат. Мындан тышкары онлайн окутуу методдорунун иштеп чыгуучулары тарабынан студенттердин билимин баалоодо вебинар формасы сунушталат. Заманбап технологиялардын мааниси, маңызы жана алардын кесипкөй иш аракетке б.а. педагогикалык технологияларга карата катышы жөнүндө учкай кеп болот. Онлайн билим берүүдө кайтарма байланыш негизги аспект катары каралып жаткандыгы айтылат.*

***Негизги сөздөр:** онлайн-окутуу, аралыктан окутуу, интернет-ресурс, заманбап технологиялар, жаңы методдор, тиркемелер, чат, блог, чет тилдери.*

*В статье говорится о значимости английского языка в современной жизни. В XXI веке просто невозможно преуспеть, не зная английского языка, являющегося сегодня средством международного общения. В связи с растущей популярностью интернет-технологий, появляется возможность изучать английский язык по-новому, пересмотрев традиционные методы для изучения английского языка с учетом использования интернет-ресурсов изучения. В данной статье рассматривается проблема поиска новых приемов и способов повышения мотивации к обучению иностранных языков. Здесь рассматриваются некоторые существенные вопросы современной технологии, ее сущность, понимание инновационных компонентов профессиональной деятельности, требования к проектированию педагогических технологий. Здесь рассматриваются интернет-ресурсы и технологии Веб 2.0. как возможности для увеличения объёма речевого общения на иностранном языке в дистанционном обучении, а блог - как платформа для организации дистанционного обучения. Кроме этого, разработчики методов онлайн-обучения предлагают форму вебинара для оценки знаний студентов. Предполагается, что обратная связь считается ключевым аспектом онлайн-образования.*

***Ключевые слова:** онлайн-обучение, дистантционное обучение, интернет-ресурсы, современные технологии, новые методы, приложения, чат, иностранный язык, блог.*

*Internet technologies used for English learning today give the opportunity to correct the ways of learning foreign languages. There are many effective methods of English learning. But all of them are now rewritten, reviewed and improved with the application of different online technologies that make English learning more interesting and effective. The article views some essential issues of modern technology, its essence, understanding of innovative components of professional activity, requirements for the design and of pedagogical technologies. It considers Internet resources and Web 2.0. technologies as one of the opportunities to increase the amount of verbal communication in a foreign language in distance learning, and a blog - as a platform for distance learning.*

***Key words:** online learning, distance learning, Internet resources, modern technologies, new methods, applications, chat, specificity, foreign language, blog*

Мезгилдин талабына ылайык чет тилдерин окутууда жаңы методдор колдонулуп жатат. Алардын бири бул аралыктан окутуу же болбосо онлайн окуу – жаңы стандарттарга жана технологияларга жараша ар бир окуу жай жана ар бир мугалим окутуунун заманбап моделдерин жана методдорун өздөштүрүп жаңылануусун талап кылат. Интернетти колдонуу менен

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



аралыктан окутуу технологиясы мектеп, жогорку окуу жайлары жана билимин өркүндөтүү курстарына чейин колдонулуп жатат. "Дүйнөлүк желенин" жардамы аркасында миллиондогон адамдар ар түрдүү социалдык тармактарда, интернет-форумдарда, видео-конференцияларда баарлашып жатышат. Жер планетасынын ар кайсы жеринде жашаган адам баласына ким кандай жашап жаткандыгы, түрдүү жаңылыктар ж.б. нерселер абдан эле кызык. Чет тилдерин билүү адамдардын ортосундагы өз ара түшүнүшүүгө жана жакын мамилеге кеңири жол ачып, заманбап коомубуздун глобалдык маселелерин чечүүдө зор роль ойнойт.

Буга чейин онлайн окутуу биздин мамлекетте өтө көп жайылган эмес эле. Ал эми былтыркы 2020-жылдан баштап дүйнө жүзүн каптаган "COVID-19" оорусунун айынан биз бүт эле окутуу иштеринде онлайн режимине өттүк. Ар бир иштин өзүнө тиешелүү эрежелери бар эмеспи, ошол сыяктуу эле чет тилдерин аралыктан окутууда Батыштын жана башка өнүккөн өлкөлөрдүн онлайн окутуу методикаларына таянып карап көрсөк, усулдук көрсөтмөлөрдү ишке ашыруу үчүн онлайн окутуунун алдында төмөндөгүдөй шарттарды түзүү талап кылынат:

а) техникалык жабдуулар, б.а. каражаттар менен камсыз болуу;

б) технологияны билүү.

Ал эми орус окумуштуусу Е.С. Полат аралыктан окутууну билим берүү системасынын формасы катарында да жана негизги бөлүгү катарында да караган. «Дистанттык окутуу – бул мугалим менен окуучунун ортосунда кадимки окуу процессинде боло турган компоненттерди (максаты, мазмуну, методдору, уюштуруу формалары, окутуу каражаттары) камтып, интернет-технологиялык каражаттардын жардамы менен ишке аша турган аралыктан билим берүү формасы» деп айтканы бар [1].

Интернет ресурстарын жеткиликтүү пайдаланыш үчүн ноутбук, компьютер же профессионалдык планшет талап кылынат. Эгерде бул каражаттар жетишпесе анда смартфонду колдонсо болот. Дагы бир айта кетчү нерсе бул мугалим менен студенттин деректеринин коопсуздугу. Бул боюнча окуу жылынын башында атайын сабактар өтүлүүсү кажет. Мындан тышкары мугалимдин жана студенттин жумушчу орду ылайыктуу болушу зарыл. Атайын даярдалган бөлмөдө керектүү техникалык каражаттар менен толук камсыз болуп отуруу керек. Экрандан кишинин толук профили көрүнө тургандай жарыктын тийиши талапка ылайыктуу.

Дистанттык окутуу менен онлайн окутууну айырмаласак, пандемиядан мурда биз практикалаган дистанттык окутууда мугалим студентти окуу жыл ичинде эки эле жолу жолуктурса, онлайн окутууда бир семестр чогуу болгонго мүмкүнчүлүк бар, башкача айтканда салттуу метод менен окуткандай эле ар бир семестрге план түзүлүп, жумасына эки жолу мугалим студенттерге сабак өтүп, синхрондук жана асинхрондук түрдө тапшырмаларды бере алат.

Окуу жылынын башталышында бир саат убакытта уюштуруучу сабак өтүп, студенттерге кээ бир түшүндүрмөлөрдү берип койуу талапка ылайык деп эсептейбиз. Салттуу сабак өтүүдө белгиленген убакытта бардыгы демейдегидей уюштурулат эмеспи, ал эми онлайн сабакта техникалык себептерден улам өтүлүп жаткан сабак ар кандай мүчүлүштүктөргө учурашы мүмкүн. Мисалы: чат иштебей калат, интернет туруктуу эмес (өзгөчө биздин тоолуу өлкөбүздүн шартында), веб-камера бузулат, ссылка, ресурстар ачылбай калат, электр энергиясы өчөт ж.б. Мугалим онлайн окутууда мына ушуга окшогон маселелерге алдын ала студенттердин даяр болуусун камсыздашы керек. Менин өздүк тажрыйбамда студенттерге алдын ала эскертме бергем, эгерде техникалык бузулуу болсо онлайн системасынан чыкпай туруу же башка ресурска өтүп (биздин шартта Whatsapp) сабакты улантуу. Биздин тоолуу өлкөбүздө интернет ресурстары кеңири пайдаланылган менен ар дайым эле ZOOM, Google ж.б. менен сабак өтүү мүмкүнчүлүгү болбой калат, мындай учурларда Whatsapp, Telegram тиркемелери жардамга келет. Биз тандап алган ZOOM платформасында жүз студент менен файлдарды колдонуп, интерактивдүү досканы пайдаланып жана чатка жазып сабак өтсө болот. Мындан тышкары тайпалык иштер үчүн атайын бөлмөлөр бар.

Чет тилдерин тезирээк өздөштүрүүдө аудио-лингвистикалык метод сунушталат. Мында стандарттуу сөз айкаштыктарын кайталоо жана жаттоо мааниге ээ болуу менен бирге механикалык жөндөмдөрдү пайда кылат. Бул методду колдонууда www.engvid.com, www. manythings.org [2] сайттарын пайдаланышат.

Мындан тышкары комминикативдүү үйрөнүү методунда чет тилди реалдуу турмушта колдонуу болуп эсептелет. Мугалим бул методдо эки функцияны аткарат: биринчи коммуникативдүү процессте ар түрдүү чыгармачылыктарды колдонуп өзү түздөн-түз катышат, экинчиси жетекчи катарында процесстин жүрүшүнө текшерүү менен көз салат.

Онлайн окутууда бардык студенттерге көрсөтмөлөрдү оозеки жана жазма түрүндө берсе болот. Аудиториядагы сабака караганда онлайн сабакты башкаруу жеңилирээк экендиги байкалат. Аралыктан окутуу боюнча көптөгөн платформалар бар. Алардын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



бардыгында бири-биринен айрымаланган, бирок мугалим менен студенттин ортосунда тыкыс байланыш боло тургандай шарттар түзүлгөн. Эгерде студент тарабынан жолтоо болгон болсо анда мугалим эскертме берип анын микрофонун өчүрүп кое алат. Студент өтүлгөн материалдан түшүнбөгөн суроолорун чаттан жалпы катышуучулардын алдында же кааласа өз алдынча берсе болот.

Мурдагы салттуу методдордун бири котормо (англис тилинен кыргыз тилине же тескерисинче) башкача мүнөзгө ээ болуп калды. Котормо боюнча интернетте көптөгөн программалар бар. Мисалы студенттердин жакшы көргөн фильмдерин субтитр менен көргөзүү. Мында мугалим өтүлгөн темага ылайыктап фильм тандайт, анан алгачкы жолу субтитр менен, кийин субтитр жок көргөзсө тил алып жүрүүчүлөрдүн сүйлөшкөнү студенттерге чоң натыйжа берет. Баштапкы деңгээлде окуган студенттер үчүн жаш балдардын англис тилиндеги теле көрсөтүүлөрү ылайыктуу болот. Мындан башка дагы ар кандай музыкалык берүүлөр, аудио-роликтер, жаңылыктар ж.б. студенттердин индивидуалдык кызыгуусуна жараша материалдар сунушталат. Аралыктан окутууда мугалим менен студент бетме-бет көрүшпөсө да ар түрдүү сүйлөшүүлөрдү (диалог, монолог, группалык оюндар, вебинарлар, онлайн конференциялар) өткөрүүгө болот.

Ушул жогорудагы методдорду колдонууда сүйлөшүү каналдары “chat channels” (өтүлгөн материалга жараша интернеттен чат-группаларды таап, аларды студенттерге талкуулатып, кошуп сүйлөштүрүп жана чат-лог тексти алып спецификалык лексиканы анализдөө), аудио-видео конференциялар (студенттердин билим деңгээлине жараша бири-бири менен ой бөлүшүү, кеңеш берүү, жашаган жеринин кооздугун сүрөттөө ж.б.), социалдык тармактарда ой бөлүшүү жана комментарий жазуу, электрондук почтадан ар кандай темада жазышуу жана кызыктуу жерлер жөнүндөгү туш-тушка жиберүүлөрдүн (mailing list) тизмесин түзүп, аларга кошулуу ж.б. интернет ресурстары аркылуу студенттердин тил үйрөнүү жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатса болот.

Аралыктан окутууда студенттердин билимин баалоо да башкачараак болот. Бетме-бет көрүшпөгөндөн кийин студент берилген тапшырманы өзүнүн билими менен өз алдынча аткара алдыбы же жокпу деген суроо туулат, буга жоопту сабак учурунда “мээ чабуулу” методу менен аныктаса боло тургандыгы өз тажрыйбадан байкалды. Ошол эле учурда ар бир студент менен индивидуалдык баарлашууга ыңгайлуу учурга ээ болосуң, анткени аудиторияда башка студенттердин көзүнчө айтылбаган сын-пикирлерди жеке өзү менен талкуулаганга мүмкүнчүлүк кенен.

Онлайн окутууда бирден бир көңүл бура турган аспект бул кайтарма байланыш. Мурда колдонуп көрбөгөн бул жаңы метод жөнүндө кесиптештер менен баарлашканда дээрлик бардыгыбыздын көңүлүбүздү бурган маселе ушул болду десем жаңылышпайм. Педагогдор жаңы теманы түшүндүрүүдө ар кандай булактардан алып жаңы нерселерди кошуп кызыктуу кылып түшүндүргөнгө аракеттенип келебиз. Бирок ошол эле мезгилде жаңы материал студенттерге кандай кабыл алынды, түшүндүбү жокпу деген суроо ачык бойдон кала берип жатат. Аудиторияда сабак өткөндө балдардын кабыл алуу деңгээлин көрүп турасың да, ал эми бул онлайн окутууда да кийинки сабакка чейин же студенттерден кайтарма байланыш болгонго чейин бүдөмүк боюнча тура берет. Бардык студенттер түшүнбөгөн суроолорун чатка бир мезгилде жазышканда мугалимге байкалат сабак түшүнүктүүбү же жокпу. Мугалим позитивдүү кеңешчи болуп студенттерге индивидуалдык багыт берүү менен жаңы теманы бышыктаса болот деп ойлойбуз. Булардан тышкары жаңы теманы түшүндүргөн учурду тасмага (дискке) жаздырып алуу өтө чоң жардам берет. Сабакка убагында катышпай калгандарга же түшүнбөгөн учурларда кайталап көргөзүп, бышыктап турганга даяр болот. Мындай методго заманбап технологиялар кеңири жол ачат, анткени аудиторяда сабак белгилүү саатта гана өтүлүп эки тараптын (мугалим-студент) убактысы чектелүү болчу. Ал эми онлайнда тараптардын баарлашуусуна чек жок болуп, студент менен мугалим суроо-жоопту каалаган учурда талкуулаганга шарт түзүлөт.

Мугалим өзүнүн чыгармачылыгы боюнча видео, аудио, текст материалдары менен бөлүшө алат. Студент да жеке ою менен кенен бөлүшүп, рефлексияга ыңгайлуу болуп, инсандык багыт берүү жогорулайт деп ойлойбуз. Мындан башка дагы кайтарым байланышта онлайн тестирлөө жакшы жыйынтыктарды берет. Ал эми менин өзүмдүн жеке тажрыйбамда студент үйгө берилген тапшырмаларды өзү аткаргандыгын билейин деп дептерге жазуусун жана аны сүрөткө алып WhatsApp тиркемеси аркылуу жөнөтүүсүн талап кылуу да жакшы натыйжа берет деп айтсам болот. Бул учурда англис тилинин методуна ылайык жазуу, окуу жана эске тутуу бир мезгилде пайдаланылат. Студенттердин ушундай өздүк иштери папкага салынып ар бир сабакта ким канча иш аткаргандыгын тайпанын алдында көрсөтүп койуу да билим баалоого өбөлгө түзөт.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Англис тили сабагынын аралыктан окутуу процессинде бардык катышуучулардын өз ара аракеттери “Just in time” режиминде чогуу болуусу, өз алдынча иштөө көлөмүнүн көп болуусу, интерактивдүүлүк, аутентикалык текстерди тандоо, педагогикалык технологиялар ж.б. мугалимдин ар тараптуу заманбап талаптарга даяр болуусун шарттайт.

Интернет ресурстары аркылуу тилди алып жүрүүчүлөр тарабынан алынган материалдар (саясатчылардын конференция жана семинарлардагы сүйлөөсү, алдыңкы элге кеңири тараган телеберүүлөрдүн маалыматтары, фильмдер, видеороликтер ж.б.) окуу китебинин мазмунун аутентикалык жана актуалдык жактан кеңейтилишине чоң жардамын тийгизет.

Актуалдуу маалымат чет тилин үйрөтүүдө шыктандырууга багыт берет. Мисалга алсак акыркы убактарда пандемия тууралуу көп маалыматтар берилип жатат. Ошолорду студенттердин билим деңгээлине жараша берүү максатка ылайыктуу деп эсептейбиз.

Англис тилинде оозеки жана жазуу түрүндө тыгыз байланышууну күчөтүү үчүн веб 2.0 (блог, форум, чат, скайп ж.б.) интернет - технология каражаттарын жана мультимедиялык каражаттарды колдонсок болот. Замандын талабына ылайык окуу китебинин мазмунуна жараша долбоор иш-аракети боюнча өз алдынча иштөөгө тапшырмаларды берүү жана аларды негизги көзөмөлгө алуу өтө негиздүү шыктандырууга алып келет. Биздин Агрардык университеттин студенттери үчүн көптөгөн эл аралык долбоорлор иштелип жатат. Ошолордун материалдары менен студенттердин кесиби боюнча, тил билүү деңгээлине жараша тапшырма берип кызыктыруу жакшы мотивацияга ээ кылат. Тил алып жүрүүчү чет тилин үйрөтүүдө чоң мааниге ээ болуп, зор роль ойнойт. Ошондуктан чет мамлекеттеги студенттер менен конференцияларга катышып баарлашууга шыктандыруу абзел.

Аралыктан окууда студенттер сүйлөө ыкмасында натыйжалуу ийгиликтерге жетишүү үчүн билим деңгээлине жараша төмөндөгүлөргө көңүл бөлүүсү шарт:

- эссе жазуу;
- англис тилинде фильм (субтитр менен же жок) көрүү, ыр угуу;
- англисче сүйлөшүү (башталгыч мезгилде тил алып жүрүүчүлөр менен эмес);
- ар кандай тексттерди окуу;
- кат жазуу жана атайын кайрылуу жазуу;

Аралыктан окутуу технологияларын иштеп чыгуучулар тарабынан кийинки убактарда вебинар өткөрүү сунушталууда. Вебинар ( англ. «Web-based seminar»), «web» – тармак жана «семинар», 1998-жылы биринчи жолу колдонулган [3]. Бул ыкманын пайдалуулугу сабактын аягында 2-10 мүнөт ичинде тест, викторина сыяктуу өткөрүп, өтүлгөн материалдын канчалык деңгээлде өздөштүрүлгөнүн билүүгө болот. Кийинки ыкма графикалык планшетти колдонуу, же болбосо бир эле убакытта мугалим жазып да сүйлөп да түшүндүрүүсү. Буларга кошумча интернет ресурстары боюнча шилтеме берүү да пайдалуу.

Чет тилдерин үйрөтүүдө окуучуларга индивидуалдык же болбосо саны 10дон ашпаган студенттерге сабак өтүү каралгандыгын эске алсак, онлайн окутуу бизге кандайдыр бир шартта ыңгайлуулукту түзүп берет. Окуу процессинин жогорку эффективдүүлүгүн көтөрүүдө мугалим онлайн окутуунун субьектиси катары негизги звенодо роль ойнойт. Окутуу процессинде окутуучу менен окуучунун ортосундагы өз ара тыгыз байланыш окуучулардын чыгармачылыгынын өсүшүнө алып келет, ал эми компьютердик жана коммуникациялык технологиялар окуу материалдарынын өздөштүрүүсүнүн каражаттары гана болуп эсептелет.[4] Мына ушул жерден көрүнүп тургандай онлайн окутуу мугалимден көп нерсени талап кылып, бир гана жогорку кесиптик деңгээл, компьютердик сабаттуулук эле эмес, уюштуруучулук жөндөмдөрдү да күтөт. Мына ушул сөз болгон онлайн окутуу технологиясын өздөштүрүүдө биздин билим берүү ишканаларында уюштурулган ар кандай тренингдерге, курстарга, конференцияларга катышуу чоң жардамын берет. Студенттин же мугалимдин өз каалоосу менен эмес, жалпы дүйнө жүзүндө болуп жаткан тумоо апаатында да үзгүлтүксүз билим алууга жогоруда айтылган заманбап технологиялар кеңири жол ачып, болуп көрбөгөндөй мүмкүнчүлүктөргө ээ болуп жатабыз.

**Адабияттар:**


1. Полат Е.С. Теория и практика дистанционного обучения: Учеб. пособие для студ. высш.пед.учеб.заведений. - М.. Издательский центр «Академия», 2004.
2. http:// www. manythings.org
3. Первый международный портал вебинаров. стр 1.
4. Кинелев В.Г. Образование в информационном обществе XXI века// конгресс «Информационные технологии в образовании», Алматы, 29 мая 2002г. URL: http:// ito. edu. ru/2002/egida.html
5. Интернет булактары: https://swsu.ru/sbornik-statey/learning-a-foreign-language-online.php,https://mir-nauki.com/PDF/89PDMN218.pdf
6. Курманалиева А.О., Жороев А.К. Методы и ресурсы дистанционного образования. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана №5. 2020. С.115-119.